КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жыл "23" июня № 24

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайка коюу иши жөнүндө"Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы № 795 токтомун ишке ашыруу жөнүндө

"Маркумду узатуу жана сөөгүн жайка коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10, 13-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы № 795 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайка коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар жөнүндө» токтомун жергиликтүү деңгээлде сактоо, аткаруу жана сөөктү жайка коюу боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын наркын жөнгө салуу максатында, Сокулук айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-декабрындагы № 795 токтому менен бекитилген маркумду узатуу жана сөөктү жайка коюу ишин жөнгө салуу боюнча талаптар Сокулук айыл аймагында жетекчиликке алынып, мыйзам талаптары тиешелүү кызматкерлерге милдеттендирилсин.
2. Сокулук айыл аймагында маркумду акыркы сапарга узатуу жана сөөктү жайка коюу зыйнаттарын ысырапкорчулукка, ашыкча чыгымдарга жол бербестен, улуттук салт-санаатарга жана мыйзам талаптарына ылайык өткөрүү боюнча төмөнкүдөй тартип бекитилсин:

- Маркумду эскерүү жана узатуу зыйнаттарын өткөндө ашыкча мааракелерди, мал союуда чектөөлөрдү жана коомдук тартипти бузбоо эрежелерин сактоо;
- Айыл аймагынын тургундары, аксакалдар соту, кварталдык жана айылдык комитеттер арасында жогоруда аталган Мыйзамдын жана Министрлер Кабинетинин чечимин түшүндүрүү боюнча кеңири маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөтүнүн орун басары Э.Койлубаевге жүктелсүн.

Төрага Жумалиев Н.Н